КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БАТКЕН ОБЛУСУ
ДЕПУТАТТАРДЫН СҮЛҮКТҮ ШААРДЫК КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ
СУЛЮКТИНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ ДЕПУТАТОВ

**Сүлүктү шаардык кеңешинин (жетинчи чакырылышы) кезексиз XIX сессиясы**

**Токтом № 67**

**Сүлүктү шаары** **18.11. 2022-жыл**

**Сүлүктү шаарынын Амраев көчөсүндө жайашкан Кыргызстан коммерциялык банкынын аянты 377,6 м2 болгон имаратын жана ага тиешелүү болгон 2135,0 м2 жер тилкесин Сүлүктү шаарынын мэриясынын менчигине алуу үчүн жергиликтүү бюджеттин эсесбинен 7 500 000 сом акча каражатын бөлүп берүүгө макулдук берүү жөнүндө**

Сүлүктү шаардык мэриясынын 11.11.2022ж. №01-72/2070 сандуу Сүлүктү шаарынын Амраев көчөсүндө жайашкан Кыргызстан коммерциялык банкынын аянты 377,6 м2 болгон имаратын жана ага тиешелүү болгон 2135,0 м2 жер тилкесин Сүлүктү шаарынын мэриясынын менчигине алуу үчүн жергиликтүү бюджеттин эсесбинен 7 500 000 сом акча каражатын бөлүп берүүгө макулдук берүү боюнча шаардык кеңештин бюджет, экономика, инвестиция жана ишкердикти өнүктүрүү боюнча туруктуу комиссиясынын сунуштарын угуп жана талкуулап Кыргыз Республикасынын Президентинин 01.08.2022ж. №266 Жарлыгынын жана “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндөгү” Мыйзамынын негизинде Сүлүктү шаардык кеңеши

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Сүлүктү шаарынын жергиликтүү бюджетинин 2022-жылга киреше салыгы 8000000 млн сомго ашыкча аткарылгандыгына байланыштуу жылдык киреше планы 69 млн 244,8 миң сомго көбөйтүлсүн
2. Сүлүктү шаарынын Амраев көчөсүндө жайашкан Кыргызстан коммерциялык банкынын аянты 377,6 м2 болгон имаратын жана ага тиешелүү болгон 2135,0 м2 жер тилкесин Сүлүктү шаарынын мэриясынын менчигине алуу үчүн жергиликтүү бюджеттин эсесбинен шаардык мэриянын алдындагы муниципалдык менчик бөлүмүнүн 3111 статьясынан 7500 000 (жети млн беш жүз миң) сом, акча каражатын бөлүп берүүгө макулдук берилсин
**3.** Токтомдун аткарылуусун камсыз кылуу жагы шаардын мэри М.Кадыркуловго милдеттендирилсин
**4.** Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы шаардык кеңештин бюджет, экономика, инвестиция жана ишкердикти өнүктүрүү боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

Төрага : К.Мадаминов